КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Эл аралык билим берүү программалары колледжи

"Котормо иши: англис тили" бөлүмү

# Дисциплинаны өздөштүрүү боюнча студенттер үчүн методикалык сунуштар

***<u>студенттер үчүн усулдук кеңештер</u>***

1. ***Өз алдынча окуп-үйрөнүү боюнча кеңештер.***
2. ***Модулдарга даярдануу боюнча кеңештер.***
3. ***СӨАИни аткарууга коюлуучу талаптар:***
4. ***Өздөштүрүлбөй калган материалдарды сабактан тышкары мезгилде тапшырууну түшүндүрүү***

- Рефератты кантип жазуу эрежелерин түшүндүрүү;
- Докладдарды жазуу иштерин түшүндүрүү;
- Адабияттар менен иштөө боюнча сунуштар;
- Үй тапшырмаларын аткаруу боюнча түшүндүрмөлөр;
- Модулдарга даярдануу боюнча кеңештер;
- Өздөштүрүлбөй калган темаларды сабактан тышкары мезгилде тапшырууну түшүндүрүү;
- Өз алдынча окуп-үйрөнүү процесси боюнча кеңештер.

## Модулдарга даярдануу боюнча кеңештер.

1. **Модуль**-окулуп-үйрөнүлүп бүткөндө аралык-рейтинг-көзөмөл жүргүзүлүүчү, жумушчу программага ылайык логикалык бүтүндүктү түзгөн окуу дисциплинасынын бөлүгү.
2. **Учурдагы рейтинг-көзөмөл** – студенттердин дисциплинаны үйрөнүү м езгилинде милдеттүү түрдөгү аудиториялык жана аудиториядан сырткаркы бардык иш аракеттиринин түрлөрүн баалоонун (балл түрүндө) жыйынтыгы.
3. **Аралык рейтинг-көзөмөл** – ар бир модулдун материалдары боюнча студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн баалоо.
4. **Рейтинг** – учурдагы жана аралык рейтинг-көзөмөлдөрдө алынган баллдардын суммасы б.а. студенттин окуу ишмердигинин бардык түрлөрүн баалоонун жыйынтык баллдарынын суммасы.
5. **Жыйынтык рейтинг** – студенттин семестр ичиндеги рейтингдеринин арифметикалык орто саны.
6. **Жыйынтыктоочу рейтинг – көзөмөл** – семестрде дисциплина окулуп-үйрөнүлүп бүткөндөн кийин жүргүзүлүүчү рейтинг- көзөмөл (сынак, зачет).
7. Окуу программалары ар бир семестрде модулдар деп аталган бир канча сандагы модулдарга бөлүнөт. Модулдар дисциплинанын программасынн логикалык жыйынтыкка ээ болгон бөлүгү болот да текшерүүнү талап кылган билимдердин жана көндүмдөрдүн комплекси болуп эсептелет.
8. Семестр ичинде билим деңгээлди текшерүү модулдар аркылуу жүргүзүлөт.
9. Окуу жылынын башында студенттерге модулдук – рейтингдик системанын мазмуну, эреже – талаптары окутуучу тарабынан түшүндүрүлөт.
10. Семестрдеги модулдардын саны аудиториялык сааттардын көлөмүнө жараша аныкталат.
11. Дисциплинанын окуу - методикалык комплексинде предмет боюнча модулдардын бөлүштүрүлүшүн, аралык – рейтинг көзөмөл үчүн тапшырмаларды дисциплинанын технологиялык картасын камтыган атайын бөлүм каралат.
12. Учурдагы рейтинг – көзөмөлдө студенттин практикалык, семинардык сабактардагы даярдыгы, лабораториялык өз алдынча иштерди аткаруусу жана коргоосунун сапаты ж.б. милдеттүү түрдөгү окуу тапшырмаларын аткаруусу бааланат. Мындан сырткары түрдүү конкурстарга, олимпиадаларга, конференцияларга катышуусу, байгелүү орундарды ээлеши, илимий – изилдөө иштери, долбоорлор менен алектенүүсү, сабактарга үзгүлтүксүз катышуусу ж.б. факторлор окутуучу тарабынан эске алынат.
13. Аралык рейтинг-көзөмөлдөр алдын – ала бекитилген график-жадыбал менен өткөрүлөт.
14. Аралык рейтинг-көзөмөлдө студенттердин билимдери билгичтиктери жана көндүмдөрү, модулдук материал окулуп – үйрөнүлүп бүткөндөн кийин бааланат.
15. Аралык рейтинг- көзөмөл адистиктин дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө жараша оозеки, жазуу, тест түрүндө өткөрүлөт. Дисциплина боюнча модулдарды алуунун формасы алдын – ала студенттерге эскертилет.
16. Аралык рейтинг-көзөмөлдүн иш – чараларына жүйөлүү себептер менен катышпай калган студенттерге (тастыктоочу документтери болгон учурда) 2 жуманын ичинде деканаттын уруксаты менен тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет. Анын жыйынтыгы сынактык жана зачеттук баракчалардагы "Кайра тапшыруу" графасына түшүрүлөт.
17. Аралык жана учурдагы рейтинг-көзөмөлдөрдүн жыйынтыктары, жалпы жыйынтыктар сынактык жана зачеттук баракчаларга түшүрүлп деканатта сакталат.

Өз алдынча оукп-үйрөнүү процесси боюнча кеңештер.

***Реферат жазуу үчүн көрсөтмөлөр***

1. Темасы коюлат. (предмети боюнча).

2. План. 1. Киришүү
   2. Негизги бөлүк

      a) ________________
      b) ________________
      c) ________________

   3. Корутунду.

3. Колдонулган адабияттар

4. Пайдаланган адабияттардын авторлору алфавит иретинде жазылышы керек;

5. Сунуш кылынган адабияттардын беттери так көрсөтүлөт;

   Мисалы: 1. Бонк Н.А., Котий Г.А. и.т.д. "Учебник английского языка", - Бишкек, 2005 ж. 119-121беттер
   2. Качалова К.Н. "Грамматика англ. языка", - М.: 2003ж. 440-442 беттер

6. Керектүү жерлерге шилтелмелер[1:35] коюлушу зарыл
7. Аягында рецензия жазылат;

***Доклад үчүн көрсөтмөлөр.***

1. Темасы жазылат
2. План. 1. Киришүү
   2. Негизги бөлүк
   3. Корутунду

3. Колдонулган адабияттар

4. Сунушталган адабияттардын авторлору алфавит иретинде жазылышы керек;

5 Пайдаланган адабияттардын беттери так көрсөтүлөт;

   Мисалы: 1. Артыкбаев К., Асаналиев С. Кыргыз адабияты - Бишкек: 2000 139- 156 беттер;
   2. Давлятова С.Ж. Кыргыз тили – Ош:, 2007, 41-43 беттер;

6 Керектүү жерлерде шилтелмелер шилтелмелер[1:139] коюлат;

**Адабияттар менен иштөө боюнча сунуштар;**

1. Сунушталган адабияттарды жазып алыш керек:
   - Авторлору;
   - Китептин аталышы;
   - Кайсы жерде, канчанчы жылы басылып чыккан, көлөмү көрсөтүлөт;
2. Тапшырмалар үчүн көрсөтүлгөн адабияттын беттери так жазылыш керек.
3. Негизги жана кошумча адабияттар көрсөтүлүшү керек:
   - Негизги адабияттар 3-5 чейин, ал эми кошумча адабияттар 10-15 чейин болушу керек.

**Үй тапшырмаларын аткаруу боюнча түшүндүрмөлөр;**

*Үй тапшырмаларды аткарганда төмөнкүлөргө көңүл буруу керек;*

- Коюлган талаптарды так жана туура аткаруу;
- Көрсөтүлгөн негизги жана кошумча адабяттарды пайдалануу;
- Үй тапшырмасын аткаруунун формасын, көлөмүн эске алуу;
- Үй тапшырмасын чыгармачылык менен аткарууга жана инте[...] булактарынан пайдаланууга мүмкүндүк берилет.

## Өз алдынча окуп-үйрөнүү процесси боюнча кеңештер

1. СӨАИ билим берүү процессинин эң маанилүү түзүүчүлөрүнүн бири. СӨАИни уюштуруда студенттин аудиториядагы, аудиториядан тышкары окутуучу менен байланышта, үйүндөгү даярдыктарында, студентте репродктивдүү жана чыгармачыл ишмердиктин ыкма – көндүмдөрүнүн калыптандырууга багытталган комплекстүү мамиле негизги принцип болуп эсептелинет.
2. СӨАИнин мазмуну ар бир дисциплина боюнча жумушчу программада баяндалат жана бул курс боюнча практикалык билим жана билгичтиктерди тереңдетүүгө, предметтер аралык байланышты өздөштүрүүгө багытталат.
3. Конкреттүү дисциплина боюнча СӨАИни уюштурууда анын максаттары жана милдеттери, аткаруу мөөнөттөрү, көзөмөлдүн жана өздүк текшерүүнүн формалары жөнүндө студенттерди толук маалымат менен камсыздалат.
4. СӨАИнин формаларын кафедралар жана дисциплина боюнча жумушчу программанын негизинде окутуучулар аныктайт. Мында окутуунун курсу, студенттин даярдык деңгээли ж.б. факторлор эсепке алынат.

## Студенттердин өз алдынча иштеринин формалары.

1. Студенттердин өз алдынча иштери жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына жана жумушчу окуу плапндарына ылайык аткарылуучу өз алдынча иштеринин баардык түрлөрүн камтыйт.
   - Күндөлүк сабактарга даярдануу (лекция, практикалык сабак, семинар, колоквиум, текшерүү иш, тестирлөө модулдук тапшырмалар, оозэки суроолор);
   - Өз алднча ишке чегерилген окуу материалдарын үйрөнүү;
   - Эсептик-графикалык иштерди, рефераттарды, үй тапшырмаларын аткаруу, жеке тапшырмаларды же студенттин өздүк демилгеси менен сунушталган тапшырмаларды аткаруу, студенттик конференцияларга ж.с.у. доклад даярдоо;
   - Олимпиадаларга, конкурстарга катышуу ж.б. милдеттүү эмес тартипте окутуучунун жетекчилиги менен же жетекчиликсиз иштерди аткаруу.
2. СӨАИни уюштуруунун негизги формалары:
   а) Окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астында:
   - лекциялардагы;
   - практикалык сабактардагы;

- лабораториялык сабактардагы;
- семинардык сабактардагы аудиториялык СӨАИ.

б) Окутуучунун жетекчилиги жана көзөмөлү астнда аудиториядан тышкары СӨАИ:
- кошумча сабактар;
- дисциплиналар боюнча күндөлүк консултациялар;
- курстук иштер жана проеттер боюнча консультациялар;
-окуу-изилдөө иштери.

в) Окутуучусуз аудиториядан тышкаркы СӨАИ:
- аудиториялык сабактарга даярдануу;
- теориялык материалдарды өздөштүрүү;
- курстук жана текшерүү иштерин аткаруу;
- окуу кинофильмдерин, идеожазууларда көрүү;
- эЭМде иштөө
- докладга даярдануу;
- конкурска даярдануу;
- реферат жазуу;
- башка иштер;

СӨАИнин бардык дисциплиналар боюнча эмгекти талап кылусун саатык өлчөмү жогорку билимдүү адисти даярдоонун адистик боюнча окуу планында көрсөтүлөт.